## УЛУТТУК БАНКТА

# ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА АЛГАЧКЫ САЙТ ИШКЕ КИРДИ

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан республикада биринчи жолу финансылык сабаттуулукка арналган сайт - www.finsabat.kg иштелип чыгып, ишке берилди.*




**finsabat.kg** – маалымат порталында экономика-финансы темасына байланышкан мамлекеттик ведомство жана финансылык мекемелер тарабынан калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга карата даярдалган актуалдуу материалдар топтолгон. Андагы бардык маалыматтар орус-кыргыз тилинде чыгып, дайыма жаңыланып турат. Окурмандардын ыңгайлуулуктары үчүн сайттагы маалыматтар тематикалык бөлүктөргө бөлүнүп турат.

Айталы, “Колдонуучулар” бөлүгүнүн мазмунун акча, кредит, аманат, төлөм карттары ж.б.у.с. жалпы маалыматтар түзөт. Мисалга алсак, ссылка менен жүрүп жатып, улуттук валюта темасына арналган кызыктуу материалды кездештирүүгө болот. Анда, акчанын пайда болушу, бүгүнкү күнү анын кандай түрлөрүн кезиктирүүгө болот, аны алмаштыруунун жолдору ж.б. маалыматтар орун алган. “Мыйзамдуулук” бөлүгүндө Кыргыз Республикасындагы кызмат көрсөтүү жана аны колдонуучулардын ортосундагы укуктук карым-катнаштын нормативдик актылары менен таанышууга болот. “ЖМК” бөлүгүнөн калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча ишмердүүлүктүн алкагындагы маалымат агенттиктеринен чыккан маалыматтык билдирүүлөр, газетадагы макалалар, теле жана радио станциялардан эфирге кеткен аудио - видео материалдар жайгаштырылган.

“Өзүңдү текшер” ссылкасына кирүү менен ар бир окурман финансылык тармактагы өзүнүн билиминин деңгээлин текшере алат. Ар түрдүү темадагы тесттер 20 суроодон жана бир нече жооптон турат. “Окутуучу видео” бөлүгүн Улуттук банктын кызматкерлеринен эң актуалдуу темалар боюнча жазылып алынган видео-лекциялар түзөт. Бүгүнкү күнү карыз алуучулардын укуктары жана милдеттери, улуттук валютанын коргоо белгилери, банктык карталардын артыкчылыктары тууралуу ж.б. лекциялар жеткиликтүү.

Сайтта ошондой эле Улуттук банктын адистери тарабынан кичинекей окурмандар үчүн татаал маалыматтарды кабыл алуусун жеңилдетүү максатында күлкү түрүндө иштелип чыккан “Балдарга акча тууралуу” - балдардын электрондук китепчеси орун алган. Аймактагы балдарды күнүмдүк турмушта кездешип жаткан элементардык экономикалык түшүнүктөр менен таанышуусун максат кылган “Балдар үчүн акча алиппеси”- кагаз түрүндөгү көрсөтмө курал орус жана кыргыз тилдеринде таратылып берилип жатат.

**Дайырбек Мейманов**